**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТИЛЕКТЕШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз
XX сессиясынын
Т О К Т О М У

**24.06.2026.** **№ 20/2** Жаңы-Турмуш айылы

**Алай районунун Өнүктүрүү фондунан каржылоо сурап кайрылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна таянып, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин **VIII** чакырылышынын кезексиз **XX** сессиясы **токтом кылат:**

1. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн “Аюу-Тапан айылынын Өрүктү участкасына кеткен жолду оңдоп-түзөө” долбоору жактырылсын.

2. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Аюу-Тапан айылынын Өрүктү участкасына кеткен 1,8 км аралыктагы жолду оңдоп-түзөө долбоорун ишке ашыруу үчүн, түзүлгөн сметага ылайык 350 000 (үч жүз элүү миң) сом акча каражаты Алай районунун Өнүктүрүү фондунан каржылоо суралсын.

3. Айыл өкмөттүн башчысына ушул токтомдун негизинде, Алай районунун Өнүктүрүү фондуна белгиленген тартипте өтүнмөнү жана бардык тиешелүү зарыл документтерди жөнөтүү тапшырылсын.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, салык жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев.**